**БЕКИТЕМИН**
**Эл аралык Кувейт**
**университетинин ректору,**
**п.и.д., профессор Байсеркеев А.Э.**
**____________**
**«_30_» _04_ 2025-ж.**

**Курманалиева Рахат Акбалаевна «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2025-жылдын 21-апрелиндеги №9 протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:**

1. Байсеркеев А.Э. – Эл аралык Кувейт университетинин ректору, п.и.д., профессор - 13.00.02 (онлайн);
2. Ибраев А.Д. – п.и.к., доцент - 13.00.01
3. Бабаев Д.Б.– п.и.д., профессор - 13.00.02- (онлайн);
4. Раимкулова А.С. – п.и.к., профессор - 13.00.08
5. Джаркимбаева Ч.Т. - п.и.к., профессор - 13.00.01
6. Машанова А.С. - п.и.к., доцент - 13.00.01
7. Зулпуева К.А. - п.и.к. - 13.00.02
8. Исакова Ж.Ж. - п.и.к, доцент - 13.00.08 (онлайн);
9. Мусина Д.С. - п.и.к., 13.00.08 (онлайн);
10. Молдалиева З.А. - п.и.к., 13.00.08
11. Алимбекова Г.Б. - д.п.н., профессор - 13.00.08 (Казакстан, онлайн);
12. Зулушева А.Т. - п.и.к., доцент - 13.00.08 (ОшМУ, онлайн);
13. Абдраимова М. - к. ф-м. н., доцент - 01.01.04 (онлайн)
14. Камбаралиев У.Ж. – ага окутуучу;
15. Сарыбаева С.А. – ага окутуучу;
16. Ашырбаева С.К.- окутуучу

Жыйындын төрайымы: Машанова А.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын башчысы.

Жыйындын катчысы: Мураталиева М.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **Курманалиева Рахат Акбалаевнанын «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)»** аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**1-маселе:** диссертациялык иш Эл аралык Кувейт университетинин педагогика жана колдонмо информатика кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Раимкулова А.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Жыйындын төрайымы:** Саламатсыздарбы, урматтуу бүгүнкү отурумду катышуучулары, Курманалиева Рахат Акбалаевнанын «**Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)»** аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкууну баштаардын алдында тактоо иретинде изденүүчүнүн илимий жетекчиси Раимкулова Ажар Супуровнага суроом бар, сураныч, тактап койсоңуз.

Изденүүчү Курманалиева Рахат Акбалаевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын темасы «**Формирование профессионально-нравственной позиции будущего педагога в образовательном пространстве ВУЗа (на примере предмета мировая литература)»** аталышын «**Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)»** аттуу темага өзгөртүлгөн (ЭКУнун окумуштуулар кеңешинин протоколу тиркелет), бирок, бүгүнкү күнү ВАКтын реестринде тема өзгөрүлбөгөн калыбында турат. Кандай дейсиз, реестрде башка тема, талкуулоого башка теманы алып чыгып жатасыздар, диссертацияны талкууга коюунун кереги барбы? Себеби, кафедра башчысы катары мен да, талкуулоого катышкан ар бир кафедра мүчөлөрү, чакырылгандар да жооптуу деп эсептейм.

**Раимкулова А.С. - педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Ооба, тема өзгөртүлгөн. Реестрде өзгөртүлгөн вариантынын чыкпаганы

техникалык катачылык, жакынкы күндөрдө чыгат. Талкууну уланта берүүгө негиз бар.

**Жыйындын төрайымы:** Макул, Ажар Супуровна, сиздин жообуңуз протоколго киргизилет.

Изденүүчү теманын актуалдуулугун, жумуштун иштелип чыгуу даражасын, изилдөөнүн максаттарын жана милдеттерин, методологиялык негиздерин жана жыйынтыктарын негиздеп, диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболорун сунуштайт. Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет. (Докладдын тексти тиркелет).

**Жыйындын төрайымы:** Изденүүчүнүн диссертация боюнча баяндамасы аяктады. Кимде кандай суроолор бар? Алмаз Дүйшокович, суроонузду бериңиз.

**Ибраев А.Д. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу.** Менин биринчи суроом. Рахат Акбалаевна, диссертациялык жумушта моделдерди көрсөтүптүрсүз, бул сиздин өзүңүздүн иштеп чыккан моделби?

**Изденүүчү:** Рахмат, Алмаз Дүйшокович суроонузга. Ооба, өзүм иштеп чыккан модель.

**Экинчи суроо:** Сиздин темаңызда колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууну дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында болуп жатат, колледждерде дүйнөлүк адабият канчанчы курстан баштап берилет?

**Изденүүчү:** Дүйнөлүк адабият сабагы 1- курста, мектеп программасынын 10-11 класс базасында 60 сааттык көлөм менен 1-2-семестрде окутулат.

**Жыйындын төрайымы:** Чынара Токтошевна, суроо бериңиз.

**Джаркимбаева Ч.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, ЭКУнун профессору.** Тема учурда актуалдуу. Рахат Акбалаевна, сиздин диссертацияңыздын темасы “Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында), туурабы, эгер дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында болсо эмне үчүн дүйнөлүк адабият жөнүндө эч нерсе айтылбаган?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Эскертүүңүздү кабыл алабыз

**Жыйындын төрайымы:** Замиркуль Абыкановна, суроо бериңиз.

**Молдалиева З.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.**

Саламатсыздарбы? Рахат Акбалаевна, сиз методдордун ичинен кейс-инструменттер жөнүндө айттыңыз, ал кейстин составына эмне кирет жана ал санариптешкен кейспи?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Бул окутуу методикаларынын комплекси — талкуу, ролдук оюндар, кейс-метод, адабий инсценировка жана интерактивдүү технологиялар сыяктуу ыкмаларды колдонуу студенттердин адептик аң-сезимин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт.

**Жыйындын төрайымы Машанова А.С.: педагогика илимдеринин кандидаты, педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын доценти.** Мен да өзүмдүн суроомду бергенге уруксат этиңиздер, Рахат Акбалаевна мен авторефератты карап чыктым, 10-бетте „Изилдөөчүнүн жеке салымы“-деген графанын экинчи пунктунда педагогикалык шарттар жөнүндө сөз кетип жатат. Сиз кандай педагогикалык шарттарды иштеп чыктыңыз?

**Изденүүчү:** Изилдөөдө кесиптик колледж шартында адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруунун педагогикалык шарттары, мазмуну жана критерийлери аныкталып, бул багытта атайын моделдер түзүлдү.

**Жыйындын төрайымы:** Алмаз Дүйшокович, сиз суроо берейин дедиңизби? Бериңиз суроонузду.

**Ибраев А.Д. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу.** Рахат Акбалаевна, принциптерге токтолуп өтсөңүз, канча принцип аныкталды, ал принциптер эмнеге жардам берди?

**Изденүүчү:** Моделди ишке ашырууда төмөнкү принциптер жетекчиликке алынат: гуманизм принциптери, маданияттар аралык интеграция принциби, системалуулук жана ырааттуулук принциптери

**Жыйындын төрайымы:** урматтуу онлайн форматта катышып жаткан кафедра мүчөлөрү жана чакырылгандар кимиңиздер суроо бересиздер? Акылбүбү Токторалыевна суроонузду бериңиз

**Зулушева А.Т. - ОшМУ (онлайн) педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.**

Саламатсыздарбы, Рахат Акбалаевна, темага байланыштуу кайсы кесиптик колледждерде эксперимент жүргүзүлдү, ушул боюнча маалымат берип койсоңуз.

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, эксперимент Эл аралык Кувейт университетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө жана И.Арабаев атындагы мамлекеттик университетинде гуманитардык колледжде жүргүзүлдү.

**Жыйындын төрайымы:** Чынара Токтошевна суроонузду бериңиз.

**Джаркимбаева Ч.Т. - педагогика илимдеринин кандидаты, ЭКУнун профессору.** Акыркы суроомду бергени уруксат этиңиздер, Рахат Акбалаевна, авторефераттын 10-бетинде, “Биз иштеп чыккан теориялык модель болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият аркылуу калыптандыруунун максаттарын, милдеттерин, принциптерин, мазмундук-

студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап, анын эффективдүү ишке ашырылышы үчүн илимий негиздерди иштеп чыгуу саналат.

Диссертацияда коюлган максат кайсы милдеттерди аткаруу менен чечилгенин, изилдөөнүн объектиси, изилдөөнүн предмети, изилдөө иштеринин методдору, изилдөөнүн актуалдуулугу, болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруудагы көйгөйлөрдү изилдөөдө бир катар карама-каршылыктар аныкталганын, алынган 4 натыйжалардын негиздүүлүгү жана ынанымдуулугу жана теориялык маанисин, алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү, диссертациянын коргоого коюлуучу, коргоо үчүн сунушталган негизги жоболорун, изденүүчүнүн жекече салымын, изилдөөнүн негизги этаптары мүчүлүштүктөрүн, сунуштарды берүү менен корутунду чыгарылдыгын кыскача айтып жатам, пикирдин толук варианты тиркелет.

Корутундуда изденүүчүнүн илимий иши негизинен диссертабилдүү. Курманалиева Рахаттын «Кесиптик колледжде болочок мугалимдин адеп - ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабияттын мисалында)” деп аталган темадагы диссертациялык иши талапка жооп берет, 13.00.08 -кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогикалык илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн адистештирилген кеңешмесин коргоого сунуштайм.

**Жыйындын төрайымы:** Алмаз Дүйшокович, сурооңуз барбы?

**Ибраев А.Д. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу** Ооба, Замиркуль Абыкановна, азыр коргоого сунушталбайт, публичная защитадан өтүү керек. (алдын ала коргоо).

**Жыйындын төрайымы:** Уруксат этсеңиздер, кафедра тарабынан изденүүчүгө да, илимий жетекчиге да эскертүү берилет.

**Илимий жетекчи Раимкулова А. С.**: Замечанияңыздарды кабыл алабыз.

**Жыйындын төрайымы:** Дагы кимде кандай суроолор бар? Эгерде башка суроолор жок болсо, кийинки процедурага өтөлү. Сөз илимий жетекчи Раимкулова Ажар Супуровнага берилет.

**Раимкулова А.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор**

Сиздерге илимий иш жөнүндө айта албайм, себеби аны Сиздер чечесиздер. Диссертант тарабынан диссертациялык ишти аткарууда изилдөөчү өзүнүн илимий жактан активдүлүгүн көрсөтө алды: ал кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун теориялык жоболорун иштеп чыкты, заманбап орто кесиптик мектептин окуучуларынын адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун моделин, педагогикалык шарттарын негиздеди. Андан тышкары болочок

мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабиятты окуу курсунун мисалында калыптандыруунун алгылыктуу дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн сунуштады жана кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун негизинде калыптандыруусун ишке ашыруу максатында «XXI кылымдын мугалими жана анын адеп-ахлактык дүйнөсү» аттуу атайын окутуучу программасы, студенттерге сунушталган компьютер технологиясы жана интерактивдүү тактай менен иштей турган окуу иштелмелерди сунуштады. Изденүүчү 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн татыктуу деп эсептейм.

**Жыйындын төрайымы:** Эми жарыш сөзгө өтөлү. Алмаз Дүйшокович сөз сизде.

**Ибраев А.Д. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу**

Менин биринчи эле койчу маселем карама-каршылыктар боюнча мен бекер суроо берген жокмун. Карама-каршылыкты так берүүңүз керек. Экинчиден ушул жерде „санарип“ – дегенди кошуунун кереги барбы, мүмкүн кошпой эле коесуз?

**Жыйындын төрайымы**: изденүүчүнүн илимий жетекчиси сөз сурап жатат, Ажар Супуровна сөз сизде.

**Раимкулова А.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор**

Гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү. Диссертацияны жазууда методдор колдонулду.

**Ибраев А.Д. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу**

Анда, карама-каршылыктарга белгилеңиздер. „Санариптик технологиялар боюнча адеп-ахлактык каралбагандыгы“ - деп кошуңуздар.

Анан модель боюнча суроо, бул диссертацияда көрсөтүлгөн модель эмне берип жатат? „Иштелип чыккан педагогикалык модель — когнитивдүү, мазмундук жана рефлексивдүү-ишмердүүлүк компоненттеринен турган түзүмдүү система катары, адеп-ахлактык сапаттарды натыйжалуу калыптандыруунун шартын түзөт“ – деп турат. Кана санарип? Эксперимент жүргүзүүдө эмненин эффекттүүлүгүн текшердиңиз? Кандайдыр бир нерсенин эффекттүүлүгүн текшериш керек. Балким ушул моделдин эффекттүүлүгүн текшересиз? Методикалык бир системанын иштешин текшересиз? Моделдин ичине санарипти кошуу керек, киргизүү керек. Санарип боюнча 1 параграф бериш керек, себеби санарип азыркы ааламдашуу мезгилинде өзүнчө эле

океан, ошондуктан, рас санарип боюнча жумушуңуздарда сөз болуп жаткандан кийин аны ачып, далилдеп берүү керек.

Педагогикалык шарттар боюнча да көп жагдайлар бар экен, эч кандай байланыш жок

**Жыйындын төрайымы:** Зулпуева К.А. суроонузду бериңиз.

**Зулпуева К.А. - педагогика илимдеринин кандидаты**

Рахат Акбалаевна, болочок мугалимдер үчүн дүйнөлүк адабият боюнча санариптик көндүмдөрдү калыптандыруу жаатында кандай окуу-методикалык иштерди аткардыңыз?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, санариптештирүү — заманбап билим берүү системасында негизги багыттардын бири болуп саналат. Болочок мугалимдерге дүйнөлүк адабият сабагын окутууда санариптик көндүмдөрдү калыптандыруу максатында бир катар окуу-методикалык иш-чаралар жүргүзүлдү. Адабияттык тексттерди электрондук форматка өткөрүү, аудио-визуалдык материалдарды пайдалануу, интерактивдүү презентациялар жана санариптик платформаларда иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган усулдук көрсөтмөлөр даярдалды. Мындан тышкары, "Санарип технологияларды колдонуп болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият мисалында)" аттуу окуу-методикалык колдонмо түзүлүп, бул багытта үч илимий макала жарыяланды. Илимий эмгектин жаңычылдыгынын бири — дүйнөлүк адабиятты окутууда санариптик технологиялар аркылуу билим берүү мазмунун модернизациялоодо көрүнүп турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

**I. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Учурдагы билим берүү системасында адеп-ахлактык тарбиянын маанисинин өсүшү менен тыгыз байланышта. Заманбап коомдо жаштардын руханий-моралдык баалуулуктарга болгон көз карашындагы өзгөрүүлөр, глобалдашуу жана санариптик технологиялардын кеңири жайылышы, маданий-гуманитардык кризистер – булардын баары билим берүү мекемелеринен адептик тарбияга болгон өзгөчө көңүл бурууну талап кылууда. Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу – алардын профессионалдык жана инсандык өнүгүүсүнүн негизги шарты болуп саналат. Анткени келечектеги мугалим өзүнүн жүрүм-туруму жана моралдык бийиктиги аркылуу окуучуларына үлгү болушу керек. Ошондой эле, студенттердин адеп-ахлактык маданиятын жогорулатуу коомдук муктаждык катары каралып, билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири катары таанылууда. Бул багытта өзгөчө роль дүйнөлүк

адабиятка тийиштүү. Дүйнөлүк адабият адамзат тарыхындагы руханий-маданий мурастын терең катмарларын чагылдырган булак катары студенттердин адамгерчилик, боорукердик, жоопкерчилик, акыйкаттык сыяктуу универсалдуу баалулуктарды андап түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт.

Ушуга байланыштуу, дүйнөлүк адабиятты адеп-ахлактык тарбия берүүнүн куралы катары пайдалануу – заманбап педагогиканын актуалдуу багыттарынын бири. Мындан тышкары, азыркы мезгилде мугалимдер арасында адеп-ахлактык маданияттын төмөндөшү, жаш адистердин кесиптик этикага кайдыгер мамилеси коомдук тынчсызданууну жаратып келет. Буга кошумча, билим берүү мекемелеринде адеп-ахлактык тарбияга багытталган иш-чаралардын натыйжалуулугу төмөн деңгээлде экени да белгилүү. Демек, кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган атайын методикаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу – илимий-практикалык жактан өзгөчө мааниге ээ. Изилдөө темасынын ушул жана башка жагдайлары аны учурдагы билим берүү саясатынын алкагында өзгөчө актуалдуу кылууда.

**II. Изилдөөнүн максаты:** Кесиптик колледждерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн "Дүйнөлүк адабият" сабагынын негизинде эффективдүү педагогикалык шарттарды, методикалык системаларды жана санариптик куралдарды иштеп чыгуу жана практикалык жактан ишке ашыруу. Бул максатка жетүү үчүн студенттердин адеп-ахлактык жана кесиптик-этикалык компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган билим берүү процесстери жана шарттары изилденип, сунушталат.

**III. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарынын маңызын жана түзүмүн теориялык жактан негиздеп, анын билим берүү процессиндеги ордун аныктоо;
2. «Дүйнөлүк адабият» сабагынын тарбиялык потенциалын талдап чыгуу жана ал аркылуу адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруунун мүмкүнчүлүктөрүн негиздөө;
3. Кесиптик колледждеги студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу багытында колдонулуучу педагогикалык шарттарды, ыкмаларды жана технологияларды иргөө жана классификациялоо;
4. Эксперименттик иштердин негизинде иштелип чыккан методикалык системанын натыйжалуулугун баалоо жана практикага сунуштоо;
5. Адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууга багытталган кошумча окуу курстарын жана методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**IV. Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы:**

Педагогикалык адистиктеги студенттердин кесиптик-этикалык компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган үзгүлтүксүз жана системалуу билим берүү процессинин илимий жаңылыгы — болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда системалуу жана санариптик технологияларга негизделген ыкманын маанилүүлүгүн далилдөөгө багытталган. Изилдөө этикалык түшүнүктөрдү, кесиптик этиканы жана аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн педагогикалык шарттардын таасирин аныктады.

**V. Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык мааниси, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессин натыйжалуу уюштурууга багытталган методикалык жана санариптик ресурстарды иштеп чыгуу аркылуу аныкталды. Тактап айтканда, "Дүйнөлүк адабият" сабагынын мазмунунда адеп-ахлактык баалуулуктарды өздөштүрүүгө багытталган атайын курстар, чыгармачыл кейстер, компьютердик тесттер, практикалык тапшырмалар жана педагогикалык кырдаалдар негизделди. Бул материалдар педагогикалык колледждердин билим берүү практикасына киргизүүгө даяр жана аларды колдонуу студенттердин кесиптик-этикалык компетенцияларын өнүктүрүүдө натыйжалуу курал катары кызмат кыла алат. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары кесиптик билим берүү уюмдарындагы окуу процессин жаңылоого, адеп-ахлактык тарбия берүү механизмдерин өркүндөтүүгө жана мугалимдерди даярдоодо заманбап талаптарга жооп берген окутуу технологияларын калыптандырууга багытталган практикалык сунуштарды иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

**VI. Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши.**

13.00.08 адистиги - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Орто жана жогорку кесиптик билим берүү системасында адистерди даярдоо;
- Кесиптик чөйрөдө окутуу жана тарбиялоо методикаларын иштеп чыгуу;
- Келечектеги адистердин кесиптик жана инсандык сапаттарын, анын ичинде моралдык жана баалуулук сапаттарын калыптандыруу;
- Инсандын кесиптик калыптанышынын психологиялык-педагогикалык аспектилери.

Тема толугу менен 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигине шайкеш келет, анткени ал кесиптик билим берүү

адабият" сабагынын мазмунунда адеп-ахлактык баалуулуктарды өздөштүрүүгө багытталган атайын курстар, чыгармачыл кейстер, компьютердик тесттер, практикалык тапшырмалар жана педагогикалык кырдаалдар негизделди. Бул материалдар педагогикалык колледждердин билим берүү практикасына киргизүүгө даяр жана аларды колдонуу студенттердин кесиптик-этикалык компетенцияларын өнүктүрүүдө натыйжалуу курал катары кызмат кыла алат. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары кесиптик билим берүү уюмдарындагы окуу процессин жаңылоого, адеп-ахлактык тарбия берүү механизмдерин өркүндөтүүгө жана мугалимдерди даярдоодо заманбап талаптарга жооп берген окутуу технологияларын калыптандырууга багытталган практикалык сунуштарды иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

**VI. Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши.**

13.00.08 адистиги - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Орто жана жогорку кесиптик билим берүү системасында адистерди даярдоо;
- Кесиптик чөйрөдө окутуу жана тарбиялоо методикаларын иштеп чыгуу;
- Келечектеги адистердин кесиптик жана инсандык сапаттарын, анын ичинде моралдык жана баалуулук сапаттарын калыптандыруу;
- Инсандын кесиптик калыптанышынын психологиялык-педагогикалык аспектилери.

Тема толугу менен 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигине шайкеш келет, анткени ал кесиптик билим берүү системасында педагогдорду даярдоонун алкагында адеп-ахлактык сапаттарды тарбиялоонун жана калыптандыруунун методикасын изилдейт.

Эл аралык Кувейт университетинин педагогика жана прикладдык информатика кафедрасы Курманалиева Рахат Акбалаевна "Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында) аттуу темадагы

диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Курманалиева Рахат Акбалаевнанын диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.
2. Курманалиева Рахат Акбалаевнанын «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы алдын ала коргоого сунуш кылынсын.

**2-маселе : Курманалиева Рахат Акбалаевна «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-аклактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкууло.**

Жыйындын төрайымы катышуучуларды жыйындын күн тартибинин 2-маселесин жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу ЖАКтын 26.09.2022-жылдагы №01-9/422 маалыматтык каты менен тааныштырды. Эл аралык Кувейт университетинин педагогика жана колдонмо информатика кафедрасында аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы боюнча сөздү изденүүчүгө төмөнкү суроолор берилди.

**Ибраев А.Д. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу;** Кесиптик педагогикалык билим берүүдө адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруунун кандай теориялык моделдери колдонулат?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат, Кесиптик-педагогикалык билим берүүдө моралдык сапаттарды калыптандыруунун бир нече теориялык

моделдери колдонулат, алардын ар бири болочок мугалимдин инсандык адеп-ахлактык жактан өнүктүрүүнүн белгилүү механизмдерин баса белгилейт. Дүйнөлүк адабиятты билим берүү булагы катары колдонууда аксиологиялык моделди (текст аркылуу баалуулуктар), иш-аракетке негизделген мамилени (талкуулоо практикасы,ролдоштуруу ж.б. ) жана диалог педагогикасын (ачык пикир алмашуу) айкалыштырууга болот.

**Джаркимбаева Ч.Т. - педагогика илимдеринин кандидаты, ЭКУнун профессору;** Инсандын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун негизинде кандай философиялык жана педагогикалык ыкмалар жатат?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат, инсандын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу бир катар философиялык-педагогикалык мамилелерге негизделет, алардын ар бири инсандын өнүгүүсүнүн ар кандай аспектилерине басым жасайт.

Негизги философиялык мамилелер - гумандуу мамиле, деонтологиялык мамиле, диалектикалык-материалисттик мамиле.

Негизги педагогикалык мамилелер - инсанга багытталган мамиле, ишмердик мамиле, баалуулук-семантикалык мамиле, маданий мамиле системалык иш-аракет ыкмасы. Мугалим, мисалы, дүйнөлүк адабияттын чыгармалары менен иштөөдө, аларды адеп-ахлактык тарбиялоонун каражаты катары колдонууда гуманисттик жана маданий ыкмаларга таяна алат.

**Зулпуева К.А - педагогика илимдеринин кандидаты, педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын доценти;** "Адеп-ахлактык тарбия", "адеп-ахлактык сапаттар", "баалуулуктарга багыт берүү" түшүнүктөрү кандай байланышта?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат, «Адеп-ахлактык тарбия», «моралдык (этикалык) сапаттар» жана «нарктык багыт» түшүнүктөрү бири-бири менен тыгыз байланышта, бирок инсандын өнүгүүсүнүн ар кандай деңгээлдерин жана аспектилерин билдирет. Төмөндө алардын мааниси жана функциясы боюнча байланышы бар. Дүйнөлүк адабият сабагында каармандардын баалуулуктары менен иштөө (баалуулук багыты), алардын жүрүм-туруму

боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын карoo жана талкуулоо менен өттү. Рахат Акбалаевнанын тарабынан аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**Машанова А.С. - педагогика илимдеринин кандидаты:** программа боюнча өз пикирин билдирген баяндамачыны, профессордук- окутуучулар курамынын ой-пикирлерин, сунуштарын уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгарып жатып, кошумча программада диссертациянын темасына туура келген маселелер толук камтылганын белгилегим келет. Рахат Акбалаевнанын тарабынан аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**ДОБУШ БЕРҮҮ: “Макул” – бардыгы. Бир добуштан кабыл алынды.**

Курманалиева Рахат Акбалаевнанын “Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында) аттуу темасындагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү боюнча төмөнкүдөй токтом кабыл алынды:

Курманалиева Рахат Акбалаевна «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин жана кандидаттык минимум тапшырууга төмөнкү кошумча суроолор сунушталат:

1. Илимий билимде жана тарбияда адеп-ахлактын орду кандай?
2. Философиялык көз караштан алганда инсан деген эмне?
3. «Баалуулук», «жакшы», «билим берүү» деген философиялык категориялар мугалимдин кесиптик даярдыгы менен кандай байланышта

болот?

4. Билим берүүнүн гуманисттик парадигмасы кандай жана ал келечектеги мугалимдерди даярдоодо кандайча чагылдырылат?
5. Гуманизм идеялары дүйнөлүк философияда кантип өнүккөн жана алар бүгүнкү күндө педагогикалык практикага кандай таасирин тийгизүүдө?
6. Жеке адамдын адеп-ахлактык багыттарын калыптандырууда адабият кандай орунду ээлейт?
7. Адамдардагы адеп-ахлактык калыптануу механизмин философия кантип түшүндүрөт?

**Жыйындын төрайымы:**
Педагогика илимдеринин
кандидаты педагогика жана
КИ кафедрасынын доценти: Машанова А.С.

**Жыйындын катчысы**: Мураталиева. М.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КУВЕЙТСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ
ИНН 02004199810135
Ф.И.О. / Аты жөнү Машанова А.С., Мураталиева М.
КОЛ ТАМГАСЫН ЫРАСТ
ПОДПИСЬ ЗАВЕР
Зав. ОК
Ф.И.О.
ОТДЕЛ КАДРОВ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ

2025- жылдын 21 - апрели Эл аралык Кувейт университетинин “Педагогика жана прикладдык информатика” кафедрасынын аспиранты Курманалиева Рахат Акбалаевнанын “Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабияттын мисалында)” атуу кандидаттык диссертациясынын ишин талкулоо. “П ж КИ” кафедрасынын №10 кеңейтилген отурумунун

**Катышуу баракчасы**

| № | Аты-жөнү | Илимий даражасы, кызмат орду | Шифр | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Байсеркеев А.Э. | п.и.д.,профессор, ЭКУнин ректору | 13.00.02. | |
| 2. | Бабаев Д. Б. | п.и.д.,профессор,ЭКУ | 13.00.02. | |
| 3. | Алимбекова Г.Б. кызы | п.и.д., профессор, Абай атындагы КазУПУ | 13.00.08. | |
| 4. | Раимкулова А. С. | п.и.д., профессор, Ж. Баласагын ат. КУУ | 13.00.01. | |
| 5. | Джаркинбаева Ч. Т. | п.и.д., профессор, П ж КИ кафедрасы | 13.00.01. | |
| 6. | Ибраев А. Д. | п.и.к., доцент, ЭКУнин проректору | 13.00.01 | |
| 7. | Машанова А.С. | п.и.к., доцент, П ж КИ кафедра жетекчиси | 13.00.01 | |
| 8. | Зулпуева К. А. | п.и.к., доцент, П ж КИ кафедрасы | 13.00.02 | |
| 9. | Зулушева А. Т. | п.и.к., доцент, ОшМУ | 13.00.08 | |
| 10 | Исакова Ж.Ж. | п.и.к., доцент, КМДТжСА | 13.00.08. | |
| 11. | Мусина Д.С. | п.и.к.,“Балажан” ЭТБРОМБдун директору | 13.00.08 | |
| 12. | Молдалиева З.А. | п.и.к.,“Балажан” РББ | 13.00.08 | |
| 13. | Абдраимова М.А. | п.и.к., доцент Ж.Баласагын ат. КУУ | 01.01.04. | |
| 14. | Камбаралиев Ү. | ага окутуучу | | |
| 15. | Сарыбаева С. | ага окутуучу | | |
| 16. | Ашырбаева С. | окутуучу | | |

Педагогика ж КИ каф.жетекчиси: Машанова А.С.

Катчы: Мураталиева М.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КУВЕЙТСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ
ИНН 020041998
Ф.И.О. / Аты жөнү
КОЛ ТАМГАСЫН ЫРАСТ
ПОДПИСЬ ЗАВЕР
Зав. ОК
Ф.И.О.
« » 20

ОТДЕЛ КАДРОВ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ